Аскар кызы Жылдыздын «Орто мектептин окуучуларынын тилдик компетенцияларын өркүндөтүүдө профессор К.К.Сартбаевдин кыргыз тилин окутуу методикасына арналган эмгектерин колдонуу технологиялары» деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча жазылган кандидаттык диссертациялык ишине

## РАСМИЙ ОППОНЕНТТИН ПИКИРИ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз тилин окутуунун методикасы илиминин өнүгүп, өркүндөөсүнө өзгөчө салым кошкон профессор К.К.Сартбаевдин методикалык эмгектерине кайрадан кайрылып, алардагы алгылыктуу, дидактикалык жактан негизделген сунуштарын анализдөө, жалпылаштыруу менен, аларды азыркы талаптарга шайкеш өркүндөтүү аркылуу окуучулардын кыргыз тили боюнча тилдик компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүгө өбөлгө түзүлөт. Албетте, профессор К.К.Сартбаевдин улам оңдоп, толуктоо менен алты жолу басылып чыккан, азыр да колдонулуп келе жаткан «Кыргыз тилин окутуунун методикасы» аттуу эмгеги ошол турушунда тилдик компетенттүүлүктү өркүндөтүүгө толук кандуу кызмат кыла албайт. Ошол эле учурда ондогон жылдар бою мектепте, практикада колдонулуп, мектеп окуучусу да, мугалим да ага ык алып, тажрыйба топтолуп калган стабилдүү эмгектен баш тартып, аны жараксызга чыгарып салуу да туура эмес.

Профессор К.К.Сартбаевдин бай методикалык мурастарын кыргыз тилин окутууга, окуучулардын тилдик компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга багыттап, азыркы талаптарга ылайык толуктап, өркүндөтүп, кошумчалап иштеп чыгуу, практикада колдонууга сунуш кылуу.

Экинчиден, педагогика илиминдеги жалпы дидактикалык принциптердин негизгилеринин бири болуп тарыхка таянуу принциби эсептелет. Бул принциптин талаптары боюнча окутуу-үйрөтүү иш-аракеттери мурунку тарыхый бай-тажрыйбаларга, жетишкендиктерге, табылгаларга таянышы шарт. Ал тажрыйбалар мезгил талабына жараша өркүндөтүлүп, өзгөртүлүп колдонулушу окутуу иштерине сөзсүз өз салымын кошот.

Эгерде профессор К.К.Сартбаевдин кыргыз тилин окутуунун методикасы боюнча калтырган методикалык мурастарынын ондогон жылдар бою эне тилди окутууга үзүрлүү кызмат кылганын, ал боюнча тажрыйба топтолуп, тарыхый мааниге ээ болгонун толук таанысак, бул иштин темасынын актуалдуулугу айкындалат.

Диссертациялык иш алдыга коюлган максат-милдеттерге ылайык киришүүдөн, үч главадан, главалар боюнча чыгарылган корутундулардан, изилдөөнүн жалпы жыйынтыктарынан, практикалык сунуштардан, библиографиядан түзүлгөн. Иштин негизги тексти – 159 бет, адабияттардын тизмеси 158 аталыштан турат.

Киришүүдө изилдөөнүн максаты менен милдеттери аныкталып, эмгектин илимий жаңылыгы, практикалык баалуулугу, ошону менен бирге коргоого коюлган негизги жоболору такталып, изденүүчүнүн жекече салымы, тажрыйбалык-эксперименттик базасы, изилдөөнүн этаптары так көрсөтүлүп, илимий конференциялардагы баяндамалар, илимий-методикалык журналдардагы (жалпы саны 15) макалалар аркылуу апробациядан өткөрүү натыйжалары белгиленген.

«Профессор К.К.Сартбаевдин кыргыз тилин окутууга арналган методикалык мурастары тууралуу» деп аталган биринчи главада (8-79-бб.) окумуштуу-педагогдун өмүр жолу, педагогдук-илимпоздук ишмердүүлүгү жана кыргыз тилин окутуунун методикасына арналган эмгектери өз-өзүнчө параграфтарга бөлүнүп берилген. Бул главадагы маалыматтар улуу педагогдун методикалык эмгектерин азыркы суроо-талаптарга

ылайыкташтырылып, өркүндөтүп пайдалануунун жалпы негиздери, окумуштуунун концепцияларын талдап, түшүнүүгө кызмат кылат. Ошондой эле, аталган глава кыргыз тилин окутуунун методикасы илиминин калыптанышы, өнүгүшү тууралуу, аларды толуктап колдонуунун зарылдыгы жана ык-жолдору боюнча баалуу материалдарды берет.

К.К.Сартбаевдин эмгектери узак жылдар бою кыргыз тилин окутууга кызмат кылып, ал тажрыйбалар кеңири тарап, салтка айланып калган тарыхый эмгек экендигине жана улуу педагог-окумуштуунун методикалык эмгектерин азыркы талаптарга ылайык өркүндөтүп колдонууга сунушталат. "Окуучулардын тилдик компетенцияларын өнүктүрүүдө профессор К.К.Сартбаевдин методикалык эмгектерин өркүндөтүп колдонуунун методикалык шарттары" деп аталган экинчи глава (81-147-бб.) иштин негизин түзүп, коюлган максат менен милдеттер, негизинен, аталган главада аткарылган. Атайын белгилеп көрсөтүүчү көрүнүш катары бул главанын биринчи параграфы (81-91-бб.) окуучулардын лингвистикалык түшүнүктөрүн тереңдетүүнүн теориялык маселелери кыргыз тилин окутуунун методикасында алгачкы жолу атайын аныктоого арналышын көрсөтүүгө болот. Иштин 85-бетинде лингвистикалык билимдер системасынын негизги структуралык элементтери аныкталып берилген. Ал алгылыктуу жана теориялык, практикалык милдеттерди аткара алат.

Бул главада тил илиминин бөлүмдөрү (фонетика, орфоэпия, орфография, лексика, морфология жана синтаксис) өзүнчө параграфтарда (91-128-бб.) иштелген. Изденүүчү тилдин ар бир бүлүмү боюнча сунуш кылган методикаларына кеңири токтолуп, аларды толуктап, өркүндөтүп колдонуунун алгылыктуу жана ийкемдүү технологияларын сунуш кылган (94-97-бб.). Ар бир бөлүмдү окутуунун максаты, милдети жана мазмуну азыркы талаптарга ылайык иштелип чыккан.

Сунуш кылынган технологиялар, практикалык сунуштар, зарылдыгына жараша сүрөттөр (88-, 90-, 91-беттер) менен иллюстрацияланган. Бул

главанын негизги өзгөчөлүгү тил илиминин бөлүмдөрү өзүнчө изоляцияланып окутулбастан, алар байланыштуу кепке, жалпы кеп ишмердүүлүгүнө кызмат кылган окутуунун каражаттары катары карлагандыгы менен түшүндүрүлөт. Бул – эне тилди окутууга коюлуп жаткан азыркы талап, шарт.

**«Педагогикалык эксперименттик иш-чаралар жана жыйынтыктары»** деп аталган үчүнчү главасында (149-158-бб.) изденүүчү өз изилдөөсүнүн жыйынтыктарын, иштеп чыккан сунуштарын аппробациядан өткөрүү максатында Бишкек шаарындагы, Кочкор районунун Кош-Дөбө айыл аймагынын Кара-Күңгөй айылындагы Аблес уулу Алайдар атындагы орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими Айткулова Айнура (педагогикалык иш стажы 25 жыл), Чүй облусунун Кемин районунун А.Токомбаев атындагы Кайыңды орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими Мукамбетова Аида Кубанычбековна (педагогикалык стажы 18 жыл), Бишкек шаарынын Свердлов районуна караштуу №85-жалпы билим берүүчү Бакай-Ата орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими Молдогазы кызы Гүлгаакы (педагогикалык стажы 17 жыл), Бишкек шаарындагы №78-орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими Жумагазиева Гүлзана Көчкөнбаевна (педагогикалык стажы 12 жыл) мектептеринде жүргүзүлүп 73 мугалим, 300 окуучу тартылган. Сабактар өтүлүп бүткөн соң, эки топтогу окуучуларга бирдей суроолор таратылып берилип, жооптор алынды. Алынган жоопторду текшерүү, талдоо менен эксперименталдык класстар менен байкоочу класстардын окуучуларынын жоопторунда айырмачылыктар аныкталган.

Изденүүчү Аскар кызы Жылдыз педагогикалык эксперименттин этаптарын, жүрүшүн жана жыйынтыктарын кеңири сыпаттап, экспериментти уюштуруунун жана жүргүзүүнүн жалпы маселелерин аныктап, сунуштаган технологиясынын натыйжалуулугун тастыктай алган.

Изилдөөнүн жүрүшүндө төмөнкүдөй натыйжалар алынган:

- кыргыз тилин окутуунун методикасы илиминин калыптанышы, өнүгүшү терең талдоого алынып, профессор К.К.Сартбаевдин методикалык эмгектеринин орду, мааниси аныкталган (натыйжа жарым-жартылай жаңы);
- профессор К.К.Сартбаевдин методикалык эмгектерин өркүндөтүп колдонуунун методикалык шарттары ачып берилген (натыйжа жаңы);
- профессор К.К.Сартбаевдин эмгектерин окуучулардын тилдик компетенцияларын өнүктүрүүдө колдонуунун технологияларын иштеп чыккан (натыйжа жаңы).
- корутундулар, сунуштардын натыйжалуулугу эксперименттик иш-чаралар менен текшерилип, тастыкталган (натыйжа жаңы).

Негизги жоболор диссертацияда, авторефератта да так, логикалык жактан ырааттуулукта берилген. Иш илимий стилде, түшүнүктүү жана жеткиликтүү тил менен жазылган.

Диссертациянын негизги жоболору жарыяланган. Публикациялар адекваттуу жана жетиштүү түрдө, изилдөөнүн маңызын чагылдырат (15 илимий макала).

Диссертациянын жыйынтыктарын жана натыйжаларын кыргыз тилин эне тили катары орто мектептерде окутуу процессин өркүндөтүүгө, "Кыргыз тилин окутуунун методикасы" курсун окутууда, тилчи-мугалимдерди даярдоодо, атайын курстарды өтүүдө пайдаланса болот.

Авторефераттын мазмуну диссертациянын мазмунуна дал келет жана «Кыргыз Республикасында окумуштуу даражаларды ыйгаруу тартибинин жоболорунда» белгиленген критерийлерге жооп берет.

Ошону менен бирге илимий изилдөөдө айрым мүчүлүштүктөр да кездешет:

1.Диссертацияда орфографиялык каталар, стилистикалык мүчүлүштүктөр орун алган жана таблицалардын алдындагы түшүндүрмөлөр көрүнбөй калган.

2.Профессор К.К.Сартбаевдин өмүр жолуна, илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүнө көбүрөөк орун берилген.

3.Сабактардын иштелип чыккан үлгүлөрү тиркеме түрүндө берилсе, иштин практикалык жагы артмак.

Жогорудагы пикирлер рецензияланып жаткан илимий эмгектин жалпы оң баасын буза албайт.

Жыйынтыктап айтканда, Аскар кызы Жылдыздын «Орто мектептин окуучуларынын тилдик компетенцияларын өркүндөтүүдө профессор К.К.Сартбаевдин кыргыз тилин окутуу методикасына арналган эмгектерин колдонуу технологиялары» деген темада жазылган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялоо комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун» 9 пунктуна жооп берет, ал эми диссертант 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**Расмий оппонент, педагогика**
**илимдеринин доктору, профессор** **С.Т.Батаканова**

КАДРЛАР ЖАНА ИШ КАГАЗДАРЫН БАШКАРУУ БӨЛҮМҮ

С.Т. Батакановanын кол тамгасын тастыктайм
заверяю.
Нач. отдела кадров
"5" июля 2018 г.

Дата поступления отзыва в ДС Д.13.18.580
12.09.2018 г
Уч. секр. ДС Д13.18.580
Осмонбаева Д.К.